# Кыйынчылыкка туш болгондо кубанычыңды жоготпо!

**Көрсөтмө:** Бул көнүгүүнү тынч жерде аткар. Төмөндө көрсөтүлгөн аяттарды окуп жатканда андагы каармандардын үнүн угуп, кандай сезимде болушканын ойлонуп, өзүңдү ошол окуяга катышып жаткандай элестет.

**Негизги каармандар:** Элчи Пабыл, Сылас, кызматчы кыз, анын кожоюндары жана түрмө сакчысы

**Кыскача маалымат:** Элчи Пабыл менен Сыласты кабар айтышканы үчүн түрмөгө камап коюшат; жер титирөө болуп, алар эркиндикке чыгышат.

## 1 ОКУЯНЫ ТАЛДА. ЭЛЧИЛЕР 16:16—40-АЯТТАРДЫ ОКУ.

Кызматчы кыздын кожоюндарынын жүздөрүн кандай элестеттиң? (*19—22-аяттарды дагы бир жолу оку.*)

Түрмөдө отурган элчи Пабыл менен Сыластын жүздөрүн кандай элестеттиң? (*25-аятты дагы бир жолу оку.*)

Жер титирөө канчалык катуу болгон деп ойлойсуң? Сүрөттөп жаз. (*26, 27-аяттарды дагы бир жолу оку.*)

Элчи Пабыл 28—31-аяттардагы сөздөрдү кандай тон менен айткан деп ойлойсуң?

## 2 ТЕРЕҢИРЭЭК ОЙ ЖҮГҮРТҮП КӨР.

Жер титирөө кокусунан эле болду беле? Эмне үчүн антип ойлойсуң? (Жардам: Элчилер 4:31; 5:19; 12:7ни оку.)

Түрмө сакчысы элчи Пабыл менен Сыластын ага жакшы мамиле кылганына эмне үчүн таң калышы мүмкүн эле? (*Элчилер 16:23, 24тү дагы бир жолу оку.*)

Элчи Пабыл менен Сыластын куугунтукталганы алардын көбүрөөк адамга кабар айтышына кандайча өбөлгө түзгөн? (Жардам: *25, 33-аяттарды дагы бир жолу оку.*)



www.jw.org © 2013 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania

## 3 БИЛГЕНДЕРИҢДИ КОЛДОН.

Эмнелерди билгениңди жаз.

Кыйынчылыкты кантип көтөрүш керек?

______________________________

______________________________

Кыйынчылыкта туруктуу болуунун кандай пайдасы бар? (Жакып 1:2—4-аяттарды оку.)

______________________________

______________________________

## 4 ОЙЛОНУП КӨР.

Өзгөчө, кандай учурларда туруктуу болушум керек?

______________________________

______________________________

Жаман мамилеге кабылганда элчи Пабылдан кандай үлгү алсам болот?

______________________________

______________________________

______________________________

Бул окуядан биринчи кезекте эмнеге үйрөндүм жана эмне үчүн?

______________________________

______________________________

______________________________

**Тапшырма:** Өзүңдү түрмө сакчысы деп элестет да, бул окуяга анын көз карашы менен карап көр. Түрмө сакчысынын элчи Пабыл менен Сыласты түрмөгө камаганда, жер титирегенде, анан бүт үй-бүлөсү менен чөмүлгөндө кандай сезимде болгонун сүрөттөп жаз.



PDF файлын www.jw.org/ky сайтынан жүктөп алгыла



www.jw.org © 2013 Watch Tower Bible and Tract Society of Pennsylvania